Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№25 [17021] ИШЕМБИ, 22/08/2026

КЫРГЫЗСТАНДЫН ДАҢКЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАР САЛДЫ



3-бетте

НАРИМАН АЙМАКТЫК ООРУКАНАСЫНДАГЫ ЖАҢЫЛАНУУ



5-бетте

БАТА САЛТЫ ҮЙРӨНҮҮГӨ АРЗЫЙТ



8-бетте

АРХИВ – АНЫН ЭКИНЧИ ҮЙҮ ЭЛЕ



6-бетте

КЭШБЕК ДЕГЕН ЭМНЕ? АЛ КАНТИП ИШТЕЙТ?



4-бетте

Ылай-Талаа –Гүлчө автожолунун курулушу



КР Президентинин атайын тапшырмалары боюнча иш алып баруучу Бакыт Төрөбаев Ош облусуна болгон иш сапарынын алкагында Ылай-Талаа –Гүлчө автожолунун курулуш иштери менен жеринде таанышты. Иш сапарды КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, КР Транспорт жана коммуникациялар министри Талантбек Солтобаев жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү коштоду.

Аталган автожолдун узундугу 55 км. түзөт. Учурда жолдун 15 км. аралыгында курулуш иштери активдүү жүрүп жатат. Анын ичинен 4 км. аймагынын биринчи катмарына асфальт төшөө иштери уланып жатат. Курулуш иштерин "Жагалмай" ЖЧК компаниясы аткарууда. Долбоорду толугу менен пайдаланууга берүү мөөнөтү 2027- жылдын ноябрына белгиленген.

Жолугушуунун жүрүшүндө расмий өкүлдөр курулуштун сапатына өзгөчө көңүл буруп, белгиленген мөөнөттө толук кандуу бүтүрүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилешти. Жаңы салынып жаткан жол Кара- Кулжа-Чоң- Алай- Алай райондорунун тургундары үчүн транспорттук жеткиликтүүлүктү бир топ жакшыртып, экономикалык жана социалдык өнүгүүгө оң таасирин тийгизмекчи.

Кызматташтык уланат



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Кытай Эл Республикасынын Ош шаарындагы Башкы Консулу Ли Минчэ менен жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар кыргыз-кытай достук мамилелерин жана аймактар аралык кызматташтыкты мындан ары бекемдөөгө багытталган пикирлер менен алмашышты.

Аманкан Кенжебаев Башкы Консулду кызматка дайындалышы менен куттуктап, Кытай Эл Республикасынын Ош шаарындагы Башкы Консулдугунун ишмердүүлүгүнүн кайра жанданышын жогору баалады.

Ош облусу Кытай Эл Республикасынын бир катар аймактары менен көп жылдан бери достук жана боордоштук мамилелерди өнүктүрүп келе жатканы белгиленип, бул байланыштарды мындан ары активдүү улантууга кызыкдар экендиги айтылды. Ошондой эле эки тараптуу соода экономикалык, инвестициялык, гуманитардык жана башка багыттагы кызматташтыкты кеңейтүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр бар экендиги белгиленди. Жолугушуунун соңунда тараптар өз ара түшүнүшүүгө, ишенимге жана достук мамилелерге негизделген кызматташтыкты мындан ары да бекемдөөгө даяр экендигин билдиришти.

Туризм маселелери талкууланды



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев КР Министрлер Кабинетине караштуу Туризмди өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Эдуард Кубатов менен жолугушту. Жолугушууда Ош облусундагы туризмдин абалы, туристтик инфратүзүмдү жакшыртуу жана туристтер үчүн коопсуз шарттарды жаратуу маселелери каралды.

Аманкан Кенжебаев туризмден түшкөн кирешелерди туристтик аймактардын инфратүзүмүн жакшыртууга багыттоо зарылдыгын белгиледи. Анын айтымында туристтердин агымынын өсүшү менен жергиликтүү аймактарга жүк да артууда. Ошондуктан жол, суу, электр энергиясы, таштанды чыгаруу жана экология маселелерин чечүүгө өзгөчө көңүл бурулушу керек.

Тараптар туризмди өнүктүрүүдө борбордук жана жергиликтүү бийлик, жеке сектордун кызматташтыгын күчөтүү, туристтик аймактардын инфратүзүмүн жакшыртуу жана инвестициялык долбооорлорду колдоо боюнча сунуштарды биргелешип иштеп чыгууну макулдашышты.

Бильярд боюнча биринчилик



Жакында 18 жашка чейинки өспүрүмдөр арасында бильярд оюнунун "Эркин пирамида" түрү боюнча Ош облусунун ачык биринчилиги өткөрүлдү. Бул мелдешке КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев колдоо көрсөттү. Женүүчүлөр: биринчи орунду алган Огобаев Артур (Бишкек шаары) 15 000 сом, экинчи орунду алган Токтосунов Азирет (Ош облусу) 10 000 сом жана үчүнчү орунду алган Эсенбеков Болот (Бишкек шаары) 8 000 сом акчалай сыйлык менен сыйланышты.

Мелдештин ТОП-8 финалчылры баары акчалай сыйлыктарга татыктуу болушту. Ошондой эле биринчи, экинчи жана үчүнчү орундарды ээлешкен спортчулар 12 -сентябрда Грузиянын Батуми шаарында өтүүчү эл аралык мелдешке катышуу укугуна ээ болушту.

Даярдаган:
К. Кыдыралиева.

ОшМУда илимий станция ишке кирди

Ош мамлекеттик университетинде Оштогу жана шаардагы имараттардын ичиндеги абанын сапатын үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берген илимий станция ишке кирди.Станция окуу жайдын медициналык клиникасынын аймагында жайгашкан. Анда абанын сапатын изилдөөчү заманбап жабдуулар орнотулууда. Учурда долбоордо каралган жабдуулардын болжол менен 50%ы алынып келинип, ишке киргизилди. Кийинки этапта кошумча датчиктер, сервердик жабдуулар коюлат.

17-августта ректор Кудайберди Кожобеков Токиодон келген изилдөөчүлөр менен бирге станцияда орнотулган жабдуулар менен таанышып, алардын иштешин көрдү. Анын айтымында, долбоордун негизги максаты Ош шаарындагы абанын булганышын илимий негизде изилдеп, абанын сапаты боюнча туруктуу маалыматтарды топтоо жана алынган көрсөткүчтөрдү илимий иштерде колдонуу болууда.



«Бул долбоордун башталганына эки жыл болду. Токиодогу медициналык университет менен биздин университеттин ортосунда абанын булганышын изилдөө боюнча долбоор ишке ашырылып жатат. JICA уюмунун колдоосу менен каржыланган, 5 миллион долларды түзгөн бул долбоордун алкагында Кыргызстанда, өзгөчө өлкөнүн түштүк аймагында буга чейин болбогон заманбап датчиктер, жабдуулар алынып келинип, орнотулууда. Эми Ош шаарында сырттагы жана имараттардын ичиндеги абанын абалы үзгүлтүксүз көзөмөлдөнүп турат. Алынган көрсөткүчтөр атайын серверге күн сайын түшүп, топтолот», — деди Кудайберди Кожобеков.

Станциядан алынган маалыматтар серверде үзгүлтүксүз сакталат жана талданат. Бул көрсөткүчтөр абанын булганышына таасир эткен факторлорду аныктоого, экологиялык абалды илимий баалоого, жаңы изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Долбоордун алкагында илимий кадрларды даярдоого да көңүл бурулат. Станциянын базасында ОшМУнун студенттери, магистранттары жана аспиранттары абанын сапаты, экология, климаттын өзгөрүшү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзө алышат.

IRCAPS борбору абанын булганышын комплекстүү изилдөөгө, туруктуу мониторинг жүргүзүүгө, илимий маалыматтарды топтоого жана аларды билим берүү процессинде колдонууга багытталган.

Прокурордук көзөмөл

Укук бузуу иши козголуп, айып пул салынган

2026-жылдын 1-жарым жылдыгында Транспорттук прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттин багытында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча маалымдайбыз..

2026-жылдын 1-жарым жылдыгында Транспорттук прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытында 42 мыйзам бузуулар аныкталып, алардын ичинен 40 жоюлган, аларды жоюу максатында жалпысынан 14 прокурордук акт киргизилген жана прокурордук актылар келтирилген.

Ошондой эле, ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 3 сунуш, 1 талап келтирилген, 10 укук бузуу өндүрүш иши козголгон, 7 кызмат адамы айып пулга кириптелген. Мындан сырткары, прокурордук актылардын кароонун жыйынтыгы менен 40 кызмат адамы тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан жана 7 кызмат адамдарына айып салынып, мамлекетке келтирилген 2 440 708 сомдук зыян акчалай түрдө өндүрүлгөн.

Мисалга алганда, Кыргыз Республикасынын "Салык" Кодексинин талабынын аткарылышы боюнча текшерүүдө, Кыргыз Республикасынын транспорт жана жол министрлигинин алдындагы жол чарба департаментинин кызматкерлери тарабынан бирдиктүү салык декларациялары өз мөөнөтүндө тапшырылбагандыгы аныкталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен Департаменттин кызматкерлерине карата Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 435-бер. менен укук бузуу иши козголуп, айып пул салынган.

Алмазбек уулу А.,
Транспорттук прокурордун
улук жардамчысы.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ДАҢКЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАР САЛДЫ



Белгилүү кыргыз спортчусу жана машыктыруучусу, каратэ-до боюнча дүйнөнүн үч жолку чемпиону Нурдөөлөт Рысбеков Жалал-Абад облусунун Аксы районуна караштуу Кашка-Суу айылында 1958 -жылы 8 -октябрда туулган. Орто мектепти аяктаган соң, жогорку билим алуу үчүн 1982-жылы Ташкенттеги фармацевтикалык институтуна "провизор уюштуруучу" адистигине тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган. Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөн. Эмгек жолунда өлкөнүн фармацевтика тармагында иштеген. Ош облустук аптека башкармалыгында аптекалык кампа бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Кийин аталган башкармалыкта кампа башчысы кызматында иштеген. Андан соң "Ош фармация" акционердик коомунун башкы директору кызматын аркалаган. 2014-2024- жылдары Ош регионалдык колледжинде медициналык сабактар кафедрасында окутуучу болуп эмгектенген. Учурда ОшМУнун Медициналык колледжинде фармацевтикалык сабактар кафедрасында окутуучу болуп иштөөдө.



Каарманыбыз өзүнүн кесиптик билимин жогорулатуу жана тажрыйба арттыруу максатында 1990 -жылы Украинанын Киев шаарында жайгашкан Дарыгерлердин жана провизорлордун билимин жогорулатуу институтунда окуп, квалификациясын жогорулаткан. 1994 -жылы АКШнын Вашингтон шаарында рыноктук экономика багытында окуудан өткөн. 2020 -жылы Бишкек шаарында "Фармацевтикалык секторду мамлекеттик нормалдаштыруунун заманбап маселелери" багытында билимин жогорулаткан. Эмгек жолунда фармацевтикалык тармакты жакшыртууда жана жалпы медицина тармагынын өнүгүүсүндө өзүнүн салымын кошуп келатат.

Каарманыбыз Кыргыз Республикасынын медициналык тармагындагы көп жылдык эмгеги үчүн "Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун мыктысы" төш белгиси, Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы, КР Профсоюздарынын Борбордук комитетинин Ардак грамотасы, "Манас 1000 жылдыгы" медалы, "Ош 3000" медалы, Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, жубайы Эркегүл Смааналыева менен эки кыз, бир уулду татыктуу тарбиялашты.

Рысбеков Нурдөөлөт өзүнүн негизги кесиптик ишинен тышкары спорттун каратэ-до түрү менен алектенет жана жаштарды спортко үндөп, мамлекетибиз Кыргызстандын даңкын дүйнөгө жайылтып келатат. Бир катар республикалык жана эл аралык спорттук мелдештерге катышып жеңүүчү болуп келүүдө. Каратэ боюнча VII Дан Кара курунун ээси (Кыргызстанда жалгыз өзү). Грециянын Афины шаарында каратэ до SKIF боюнча 2009 -жылы өткөн дүйнөлүк чемпионатынын Башкы машыктыруучусу жана катышуучусу болгон. Ошол эле жылы каратэ -до боюнча Одессада өткөн Евразия чемпионатында күмүш байгенин ээси болгон. 2012- жылы Шотокан каратэ боюнча Стамбул шаарында өткөн Дүйнө чемпионатынын коло медалына татыктуу болгон. Тбилиси шаарында өткөн Дүйнөлүк чемпионатта күмүш медалга ээ болгон. Каратэ WSF боюнча ардагерлер арасында дүйнөнүн үч жолку чемпиону. Мындан башка да спорттогу ийгиликтери арбын. Дүйнөлүк чемпионаттарда жана эл аралык турнирлерде бир нече жолу алтын медалдарды уткан (ката жана кумитэ боюнча).





Нурдөөлөт Рысбеков спорттогу көрсөткөн жетишкендиктер үчүн бир катар сыйлыктарга татыктуу болду. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, "Спортту өнүктүрүүгө кошкон салымы жана спорттогу жетишкендиктери үчүн" ТОП KG тарабынан Ардак грамота, Sport Awards- 2017 тарабынан "Баатыр" номинациясы менен сыйланган. Ошондой эле Ош шаардык мэриясы жана Ош шаардык кеңеши тарабынан Ардак грамоталары менен сыйланган.

Каратэ -до боюнча Ош облустук федерациясынын тренери, Кыргыз Республикасынын Каратэ до Шотокан WSF боюнча Улуттук Федерациясынын президенти. Каратэ -до боюнча Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген спорт чебери.

Белгилей кетсек, Нурдөөлөт Рысбеков өзүнүн спорттогу ийгилигин каратэ боюнча 1986- жылы баштаган. Машыктыруучулук иш -аракетине 1990 -жылы жол салган. 1000ден ашуун спортчуларды тарбиялады. Анын тарбияланууучулары республикалык жана эл аралык деңгээлдеги спорттук мелдештерде жетишкендиктерге ээ болуп, чемпион аталышууда. Ийгиликтерди жаратышууда.

ТОО КОЙНУНДАГЫ ФУТБОЛ АЯНТЧАСЫ

Кара-Кулжа районундагы Түшүнүк айылы дыйкан фермерлерге тээ илгертен эле жаратылыш шарты мал чарбасына ылайыкташкан айыл. Аталган айылда жер шартынын татаалдыгына карабай мал чарбачылыгына ал жердин тургундары байымдашкан. Анан калса дан эгиндеринен арпа, буудай, картошка сыяктуу адам баласына керектүү азыктарды да мындан мурун эле өздөштүрүп келишкен.

Азыркы учурда аталган айыл райондогу Кара-Гуз айыл аймагынын карамагында турат. Айылда элдин муктаждыгына ылайыкташкан шарттар бар. Бул жерде мектеп элдин сабаттуулугун жоюу максатында мындан бир кылым илгери эле ачылганы тарыхта белгилүү. Айылдын тургундары бир өзөндүн учунан башына чейин кокту колоттордо сейрек жайгашкандыгына карабай, жаш наристелер үчүн балдар бакчасы да көп жылдан бери иштеп келет.

Айылдын тургундары өздөрүнө керектүү муктаждыктарды чечүүдө кары жашына карабай өтө демилгелүү. Айылдагы ар бир кожолуктун тиричилик шартында азыркы учурдагы жашоого керектүү оокат шаймандарын түзүп алгандыгын көрүүгө болот. Бул жерде электр жарыгы, уюлдук байланыш, жол шарттары такай көзөмөл алдында болгондуктан кийинки муундар, киндик кан тамган жеринде туруктуу жашап калууга демилгелүү келишет.

Ушундан улам жаштардын айыл акыбалында спорт менен ден соолугун чыңдоого ылайыкташкан спорттук курулуш курууну айылдын жаштары демилге көтөрүп чыгышкан. Бул иштин өтө манилүү экендигин айыл тургундары жапырт колдоого алышкан. Аталган ишти Түшүнүк айылынын " Баймат Уулу" уруусунун демилгелүү уулу Канат Жусупов жаштар үчүн өтө керектүү, өспүрүмдөр бош убактыларын дене тарбиясын чыңдоого арнасын деген максатта стандарттуу кичи футболдук аянтчаны курууга белсенип киришкен. Бул анын мурдатан эле ички кыялында багып келген эл үчүн, өзгөчө жаштар үчүн керектүү ой максаты эле.

Бул иштин ишке ашышына Канат Жусуповдун зор активдүү демилгеси чоң түрткү бергенин айтууга болот.

Ал иштин жарым жолдо калбай аягына чыгарууга көзү жеткен соң катуу киришкен. Түшүнүк айылындагы Байматтыктар жайгашкан кичи айылдагы жан боордон бийиктигине карабай жер түздөтүп, айылдагы демилгени колдогон жаштардын колдоосу менен курулуш иши башталган. Бул жакшы демилге 2023-жылы бүткөрүлүп пайдаланууга берилген. Курулуштун долбоорлук сметалык документтери айыл жаштарынын өздук каражаттарынын эсебинен бүткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин колдоосуна сунушталган. Жыйынтыгында колдоп берүүчү гранттан 2 млн 700 миң сом бөлүнүп, жергиликтүү бюджеттен 370 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Жалпы 3 млн 70 миң сомго алыскы тоо койнундагы кичи футбол аянтчасы бүткөрүлүп пайдаланууга берилгенине үч жылдын жүзү болуп турат. Аталган аянтча азыркы учурда жаштардын бош убактыларын пайдалуу өткөрүү, ден соолуктарын чыңдоо багытында үзүрлүү иштеп келүүдө.

М.Арзыматов






Кэшбек түшүнүгү адамдардын жашоосуна 1980-жылдардын ортосунда, тактап айтканда, 1986-жылы АКШда биринчи жайыла баштаган. Алгач бул банк карталары аркылуу сатып алууларга байланыштуу сыйлык катары сунушталган. Кийинчерээк дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү банктар бул системаны колдонуп, кардарларды тартуунун натыйжалуу куралына айландырган. Бүгүнкү күндө кэшбек банк карталарында, мобилдик тиркемелерде жана онлайн соода аянтчаларында кеңири колдонулуп келе жатат.

Ал эми биздин өлкөдө кэшбек системасы 2010-жылдардын ортосунан баштап банктар тарабынан акырындык менен киргизиле баштаган. Мунун жайылышына банк карталарынын көбөйүшү, интернет-банкингдин өнүгүшү жана мамлекеттин накталай эмес төлөмдөрдү кеңейтүү саясаты түрткү болду. Бүгүнкү күндө кэшбек өлкөдөгү көпчүлүк банктардын карталарында колдонулуп, кардарларды кызыктыруунун зарыл куралы болуп калды.

КЭШБЕК ДЕГЕН ЭМНЕ? АЛ КАНТИП ИШТЕЙТ?



Кэшбек (Cashback) деген эмне?

Кэшбек (Cashback) – англис тилинен которгондо "акчаны кайра кайтаруу" дегенди билдирет. Бул – банк же соода түйүнүнөн кардар товар сатып алып жатканда же болбосо кызмат көрсөтүүдө, төлөнгөн сумманын белгилүү бир пайызын кайра кайтарып берген сыйлык системасы. Мисалы, бир адам 20000 сомго телефон сатып алса, картаңыздын кэшбеги 5% болсо, банк сиздин эсебиңизге 1 000 сом кайтарып берет.

Кэшбек кантип иштейт?

Кэшбек төмөндөгү системада иштейт. Мисалы, кардар банк картасы менен төлөм жүргүзөт. Соода түйүнү төлөмдү кабыл алат. Соода түйүнү банкка же төлөм системасына комиссия төлөйт. Банктар ошол комиссиянын бир бөлүгүн кардарды кызыктыруу үчүн кайра кардарга кайтарып беришет. Натыйжада кардар белгилүү өлчөмдө акчалай же бонус түрүндө сый акы ала алышат.

Кэшбектин кандай түрлөрү бар?



Кэшбек багытына жараша бир нече түргө бөлүнөт. Биринчиси –туруктуу кэшбек. Мында бардык сатып алууларга бирдей пайыз берилет. Мисалы, бардык төлөмдөргө бир пайыз. Экинчиси –категориялык кэшбек. Бул позицияда белгилүү бир тармактарга көбүрөөк пайыз берилет. Үчүнчүсү – өнөктөштүк кэшбеги. Мында кайсыл бир банк менен келишими бар соода тармактарында же дагы адамдарды тейлөөчү жайларда гана иштейт.

Кэшбектин артыкчылыктары жана кемчиликтери эмнеде?

Бардык нерсенин артыкчылыгы жана кемчилиги бардай эле, кешбектин дагы артыкчылыгы жана кемчилиги бар. Артыкчылыктары: кардардын чыгымын азайтат, накталай эмес төлөмдөрдүн көлөмүн көбөйтөт, банктын кардарларынын көбөйүшүнө салым кошот, кардарларды белгилүү бир дүкөндөргө тартат жана, албетте, үй-бүлөлүк бюджетти үнөмдөөгө жардам берет. Кэшбектин кемчиликтерин айта турган болсок: кэшбек бардык сатып алууларга бериле бербейт, ай сайын ала албай (чектөө болушу мүмкүн) калышы мүмкүн, айрым банктар белгилүү шарттарды коюшат, кээ бир учурда бонус түрүндө гана берилет.

Кэшбектин негизги максаты эмнеде жана кардарлар андан зыян тартып калуулары мүмкүнбү?



Кэшбектин негизги максаты – кардарларды накталай эмес төлөмдөрдү көбүрөөк колдонууга кызыктыруу. Бул система үч тарапка тең пайдалуу: кардар сатып алган акчасынын бир бөлүгүн кайра алат, банк кардарларын көбөйтөт жана алардын активдүүлүгүн арттырат, ал эми соода түйүндөрү көбүрөөк сатып алуучуларды тартат. Ошондуктан кэшбек маркетингдик да, финансылык да курал болуп эсептелет.



Ал эми, эгер, адам кадимки күнүмдүк керектөөлөрүнө төлөм жүргүзүп жатса, албетте, пайдалуу. Бирок, кэшбек алуу үчүн керексиз сатып алууларды жасаса кардарга пайда алып келбейт жана адам толук зыян тартып калуусу мүмкүн. Башкача айтканда, адам жарнакка кызыгып, топтогон акчасын керексиз товарга коротуп салышы мүмкүн. Бир сөз менен айтканда, Кэшбек – бул банктардын жана компаниялардын кардарларды кызыктыруу үчүн колдонгон маркетингдик жана каржылык куралы. Ал кардардын сатып алуусунун бир бөлүгүн кайра кайтарып берип, накталай эмес төлөмдөрдү көбөйтүүгө жана үй-бүлөлүк бюджетти үнөмдөөгө салым кошот.

НАРИМАН АЙМАКТЫК ООРУКАНАСЫНДАГЫ ЖАҢЫЛАНУУ

Ата жолун улаган ак халатчан

Келдибаев Максатбек Сарыбаевич 1984-жылы Ош шаарында туулуп-өскөн. Ал жогорку медициналык билимди Москвадагы Евдокимов атындагы медициналык окуу жайынан алып, травматолог-дарыгер адистигине ээ болгон. Кесиптик билимин андан ары өркүндөтүп, Москвадагы илимий-изилдөө институтунда хирургия багыты боюнча ординатурадан өтүп, хирург-дарыгер катары тажрыйбасын арттырган. Туулган жерине кайтып келгенден кийин Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын сынык-жараат бөлүмүндө эмгектенип, медицина тармагындагы бай тажрыйбасын калыптандырган.

Талыкпас изденүүсү, кесипке берилгендиги жана жетекчилик сапаттары аны 2025-жылы Кара-Суу районундагы Нариман аймактык ооруканасына директорлук кызматка алып келди. Бүгүн ал жетектеген жамааттын күчү менен ооруканада жаңы дем, жаңы аракет жана жаңылануунун умтулуу байкалууда. Өзүнүн терең билимин жана топтогон тажрыйбасын элдин саламаттыгына арнап келе жаткан Максатбек Сарыбаевичтин эмгеги мамлекет тарабынан да жогору бааланып, «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоосунун мыктысы» төш белгиси, бир катар мамлекеттик мекемелердин Ардак грамоталары менен белгиленген. Максатбек Келдибаев да бул ардактуу кесипти бала кезинен жүрөгүнө жакын тутуп өскөн. Анын атасы дарыгер, апасы медайым болуп өмүрүн эл саламаттыгына арнап келаткан инсандар тура. Медицинанын сырын, ак халаттын жоопкерчилигин үй-бүлөлүк чөйрөдө көрүп чоңойгон Максатбек Келдибаев ата-энесинин жолун жолдоп, бүгүн өзү да элдин саламаттыгы үчүн кызмат кылган ак халатчан адис болуп келет. Ал үйбүлөлүү, төрт перзенттин камкор атасы.

Медициналык окуу жайда билим алуу да оңой эмес. Бул кесипти тандаган жаштан тынымсыз изденүүнү, талыкпай окууну, теорияны практика менен айкалыштырууну талап кылат. Ушундай татаал жолдон өтүп, кесиптин жоопкерчилигин түшүнгөн адис гана эл ишенимине татыктуу дарыгер боло алат. Биз да дал ушундай ак халатындай ак пейилдүү адамдар эмгектенген Нариман аймактык ооруканасына баш бактык. Ооруканандын тазалыгы, иштин ирээттүүлүгү, кызматкерлердин өз милдетине жоопкерчиликтүү мамилесин бейтаптардын маанайынан байкадык десек болот.

КӨЙГӨЙДҮ КӨРҮП, ЧЕЧИМГЕ КАДАМ ТАШТАГАН ЖЕТЕКЧИ

Максатбек Келдибаев Нариман аймактык ооруканасына директор болуп дайындалгандан тартып, мекеменин көйгөйлөрүн



чечүүнү биринчи орунга койгон. Айрыкча калкка медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган иштерди системалуу түрдө жүргүзүп келет.

-Бул жакка кадрлар резервинен тандалып дайындалгам. Ооруканага келгенде операциялык бөлүмдүн мүмкүнчүлүгү калктын саламаттыгы үчүн жетишсиз экенин байкадым. Оору кезек күтпөйт да. Ошондуктан кошумча операциялык бөлүм ачууга кириштим,-дейт жетекчи. Максатбек Келдибаев сөз менен эле чектелбестен, пландаган ишин турмушка ашырууга жетишкен. Ички бюджетти сарамжалдуу пайдалануунун эсебинен операциялык бөлүмгө заманбап жабдуулар алынган. Бөлүмдүн имараты оңдолуп, талапка ылайык шарттар түзүлгөн. Бул иштерди ишке ашырууда демөөрчүлөрдүн колдоосун да натыйжалуу пайдалана билген.

Андан соң төрөт бөлүмүн жаңылоого көңүл бурулган. Бөлүм заманбап талаптарга ылайык оңдолуп, керектүү медициналык жабдуулар менен толукталган. Мунун баары энелердин жана ымыркайлардын ден-соолугун сактоого багытталган жакшы саамалык болгонун мындагы калк кубануу менен кабыл алышканын ырасташты.

ЖАҢЫ ЖАБДУУ-ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮК

Бүгүн Нариман аймактык ооруканасында медициналык жардамдын сапатын жогорулатууга шарт түзгөн бир катар заманбап ыкмалар колдонулууда. Жетекчинин негизги максаты-бейтап жакшы жардам алуу үчүн алыскы шаарларга барууга аргасыз болбой, өз аймагынан сапаттуу медициналык кызмат ала турган шарт түзүү.

-Менин изги тилегим-жакшы дарыгерди бейтап өзү издеп келиши керек, дарыгер бейтап издебеши керек. Ооруканага заманбап жабдууларды алып келүү менен операциянын жаңы ыкмаларын да киргизүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бүгүн бейтаптарыбыз алысты көздөй жол тартпай эле ушул жерден тиешелүү дарылануудан өтүп жатканы биз үчүн чоң кубаныч,-дейт Максатбек Келдибаев.

Урология бөлүмүндө операциянын «ТУР» ыкмасы киргизилген. Муундарды артроскопиялык ыкма менен операция кылуу, жамбаш сөөк муундарын алмаштыруу сыяктуу татаал хирургиялык операциялар да жасалып келет. Бул багытта дарыгерлер Казань шаарына барып, атайын окуудан өтүп, тажрыйбасын өркүндөтүп келишкен.

Өзгөчө көңүл бурууга арзый



турганы албетте, мындай операциялардын ийгиликтүү жасалып жатышы эмеспи. Айрым бейтаптар операциядан эки күн өткөндөн кийин эле төшөгүнөн туруп, басып кете башташат. Бул заманбап технология менен катар дарыгерлердин тажрыйбасын, кесипкөйлүгүн жана жоопкерчилигин жогорулаткан жакшы көрүнүш катары баалаганыбызды жашырбайбыз.

Балдардын жүрөгүн текшерүүгө арналган заманбап аппараттын алынышы да жагымдуу жаңылык болду. Ал балдардын жүрөк ооруларын эрте аныктоого жана алдын алууга өбөлгө түзүп жатат. Кардиология бөлүмү жаңы ЭКГ аппараты менен камсыздалып, бейтаптардын жүрөк-кан тамыр системасын текшерүүдө кеңири колдонулууда.

Тез жардам бөлүмүндө төрт койкага эсептелген орун ачылып, бул жерде келген бейтапка алгачкы медициналык жардам көрсөтүлүп, дарт аныкталгандан кийин тиешелүү бөлүмгө жаткырылат.

Оорунун деңгээли жогору болуп, үчүнчү баскычтагы медициналык жардам талап кылынса, бейтап тез жардам унаасы менен облустук ооруканага жеткирилет.

КЕСИПКЕ БЕРИЛГЕН ДАРЫГЕРЛЕР

Ооруканадагы жетишкендиктердин артында, албетте, биринчи кезекте адам эмгеги турат. Бүгүн бул медициналык мекемеде 222 кызматкер, анын ичинде 39 жогорку билимдүү дарыгер эмгектенет. Ооруканада сегиз бөлүм иш алып барып, ар бирин өз ишинин тажрыйбалуу дарыгерлер жетектейт.

Тез жардам бөлүмүнүн башчысы Эркин Сулуев, балдар бөлүмүнүн башчысы Рано Рузиева, кардиология бөлүмүнүн башчысы Булут Камардинов, терапия бөлүмүнүн башчысы Дилмурат Дехканбаев, төрөт бөлүмүнүн башчысы Карима Муминжанова, хирургия бөлүмүнүн башчысы Мухаммед Дурсунов, реанимация бөлүмүнүн башчысы Шахабидин Нурматов жана дарт аныктоо бөлүмүнүн башчысы Икрам Кабулов баштаган дарыгерлер өздөрүнүн кесиптик милдетин так аткарып, бейтаптардын ден-соолугу үчүн күнү-түнү эмгектенип келишет.

Алардын катарын жаш адистер да толуктап, улуу муундун тажрыйбасын улантып келе жатышат. Дарыгерлердин ак ниет эмгеги бейтаптардын ыраазычылыгы, элдин алкышы менен бааланып келүүдө.

КАЛККА КЫЗМАТ КЫЛГАН ООРУКАНА

Нариман аймактык ооруканасы 140 койкага ылайыкташкан. Бирок, бүгүнкү күндө бул орун жетишсиз. Себеби, оорукана 120 миңге жакын калктын ден-соолугуна кызмат көрсөтүп келет. Анын үстүнө мекеменин төрт имараты авариялык абалда деп табылган. Ооруканандын азыркы имараты 1968-жылы курулуп, пайдаланууга берилген. Жылдар өткөн сайын эскирген имаратты оңдоп-түзөө иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келгени менен, жаңы имаратка болгон муктаждык улам күчөп жатат.

-Мурда ооруканандын мамлекеттик актысы жок экен. Тиешелүү мекемелерге керектүү документтерди даярдап, мамлекеттик акт алдык. Эми курулуш иштерин баштоого жол ачылды. Биздин эң чоң максатыбыз -250 орундуу, төрт кабаттуу заманбап оорукананын имаратын куруу. Ал үчүн атайын жер тилкеси бөлүнгөн. Жогорку Кеңештин депутаттарынын делегациясын чакырып, долбоорду да көрсөттүк. Эгер республикалык бюджеттен каражат ажыратылса, абдан жакшы болмок. Анткени 140 орундуу оорукана 120 миң калктын саламаттыгына кызмат кылууда. Бул орундардын жетишсиз экенин түшүндүрөт. Эски имаратты улам ондоп, суу тамган жерин жамап отуруу менен чыгым көбөйүп жатат. Ошондуктан жаңы оорукана бүгүнкү күндүн зарыл талабы,-дейт директор.

Бул демилге ишке ашса, Кара-Суу районунун эли үчүн гана эмес, коңшу аймактардын тургундары үчүн да чоң жетишкендик болмок. Анткени заманбап оорукана элдин өмүрүн сактоого багытталган чоң инвестиция эмеспи.

ТАЗАЛЫК, ТАРТИП ЖАНА КАМКОРДУК

Ооруканада дарыланып жаткан бейтаптын сакайышына дарыгердин дарылоосу менен катар туура тамактануу, тазалык жана жагымдуу шарт да чоң таасир берет. Бул багыттагы иштер да жетекчиликтин көзөмөлүндө. Бейтаптарга сапаттуу жана витаминдүү азыктардан даярдалган тамактар берилет.

Мындан сырткары ооруканын ички жана сырткы аймагын көрктөндүрүү, тазалыкты сактоо, иш ордундагы тартипти камсыз кылуу боюнча да үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлүп келет.

Нариман аймактык ооруканасынын кадыр-баркы анын аймагынан алыска да жеткен. Баткен жана Жалал-Абад облустарынан, ошондой эле коңшу райондордон келип дарыланып кеткен бейтаптардын саны арбын. Бул, бир жагынан, ооруканандын материалдык-техникалык базасы чыңдалып жатканын көрсөтсө, экинчи жагынан, бул жердеги дарыгерлерге болгон ишенимдин арткынан кабар берет деп билебиз.

Бүгүнкү күндө медицина кызматкерлеринин эмгегин баалоодо алардын социалдык абалына да көңүл бурулуп, айлык маянанын жогорулашы дарыгерлерге дем берип келет. Айрым адистердин айлыгы 100 миң сомго чейин жетип, бул алардын эмгегин татыктуу баалоого болгон аракеттин бир көрүнүшү деп кубанышууда.

Максатбек Келдибаев баштаган ак халатчан өмүр сакчыларынын мээнети элдин ден-соолугун бекемдөөгө баа жеткис салым. Бүгүн бул жерде жасалып жаткан ар бир жаңылануу, ар бир жаңы операциялык ыкма, ар бир алынган медициналык жабдуулар албетте, адам өмүрүн сактап, калктын саламаттыгын чыңдоого кызмат кылууда.

Н.ӨМҮРЗАКОВА.

АРХИВ – АНЫН ЭКИНЧИ ҮЙҮ ЭЛЕ

(Эскерүү)



Маматкерим Паизович Алтыбаев 1996-жылдан 2016-жылга чейин Ош облустук мамлекеттик архивин жетектеп турган. Ал 1947-жылы туулган. Ал билимге суусаган, эмгекчилдиги менен айырмаланган инсан катары жаш кезинен эле өз жолун так аныктаган. 1971-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин «орус тили жана адабияты мугалими» адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган. Анын өндүрүштүк иш жолу 1964-жылы «Ошкурулуш» трестинин №2 курулуш-монтаждоо башкармалыгында монтаждоочу болуп иштөө менен башталган. Жогорку билим алгандан кийинки жылдары агартуу тармагында үзүрлүү эмгектенген: 1971–1972-жж. — Кара-Суу районундагы «Кызыл Кыргызстан» орто мектебинде мугалим; 1973–1976-жж. — Кара-Суу районундагы Н. Чернышевский атындагы орто мектебинде мугалим.

1976-жылдан тартып Маматкерим Паизовичтин тагдыры мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү бийлик органдары менен тыгыз байланышта болду. Ал 1996-жылга чейин Ош жана Жалал-Абад облустарынын жергиликтүү бийлик аппараттарында жооптуу кызматтарда иштеп, чоң тажрыйба топтогон. 1994-жылы элдин ишенимине ээ болуп, Кара-Суу районуна караштуу Савай айылдык кеңешине депутат болуп шайланган.

1996-жылдын январь айынан тартып М. П. Алтыбаев Ош облустук мамлекеттик администрациясынын алдындагы Архив жана документация башкармалыгынын жетекчиси болуп дайындалат. Анын 20 жылдык жетекчилик мезгили облустук архив тармагы үчүн «өнүгүү доору» катары мүнөздөлөт.

Жамаатыбызда иштеген Нургазы Алимбаев, Мирбек Мадоморов, Мурат Кырбашыев, Мурат Арзибоев, Жээналы уулу Мелис, Алтынбек Закировдор эле. Жетекчибиз аларды өз балдарындай көрүп, ар биринин мүнөзүнө жараша тил таап, эркелетип турчу. Айлыгы аз болсо да, жоопкерчилиги тоодой архив ишинде бул жигиттердин туруктуу иштеп калышына Маматкерим Паизовичтин ошол жылуу мамилеси, адамгерчилиги чоң таасир эткен деп ишенимдүү айта алам. Маматкерим Паизовичтин үй-бүлөдөгү орду баарыбызга өрнөк эле. Бир жолу жумуштан кайтып келе жатып, Араван аялдамасынан кызматтык машинадан түшүп, колуна чоң гүлдесте көтөрүп келип калды. Биз, машинада олтургандар: «Бүгүн жеңебиздин туулган күнүбү?» — деп сурасак, ал жылмайып: «Жок, бүгүн баламдын туулган күнү. Ар бир баламдын туулган күнүндө жубайым Тиллага гүл алып барып берем», — деп жооп берди.

Ошондо баарыбыз анын өмүрлүк жарына болгон сый-урматына, камкордугуна суктанган элек. Бул бир эле көрүнүш анын чыныгы жар, жароокер ата экенин далилдеп турчу. Жубайы Умаралиева Тилла эже да ал жөнүндө минтип эскерет:

«Ал бардык нерсеге так, жоопкерчиликтүү жана өтө сезгич эле. Балдарын эч качан урушчу эмес, аларга аяр мамиле жасачу. Тууганчыл болчу, карындаштарынан дайыма кабар алып, үйгө туугандарды чакырып, сыйлаганды жакшы көрчү. Менин туулган күнүмдө — 10-январда — эртең менен гүл алып келип, башыма коюп койчу».Маматкерим Паизович менен Тилла эже 46 жыл бирге өмүр сүрүп, Руслан (1973), Назгүл (1977), Нурлан (1979) аттуу балдарын татыктуу тарбиялашты. Бүгүнкү күндө алар 11 небере, 4 чеберенин сыймыктуу чоң атачоң энеси. Анын кызматкерлерине болгон аталык мамилеси көптөгөн тагдырларды сактап калган.

Маматкерим Паизович архив тармагына гана салым кошпостон, ондогон адамдардын жашоосуна жылуулук чачкан, кыйын кезеңде кол сунган залкар инсан болду. Анын баскан жолу, адамдарга жасаган мамилеси биз үчүн ар дайым бийик үлгү болуп кала берет. Жамааттагы жоготуулар да анын жүрөгү аркылуу өтчү. Мен жумушка келген жылдары директордун орун басарлары болуп Райимкул Айдаралиев жана Элмира Жунусмаматова иштешчү. Тилекке каршы, кесиптешибиз Элмира оорунун айынан арабыздан эрте кетип калды. Ошол учурда жетекчибиз баштаган бүтүндөй жамаат кадимкидей аза күтүп, кайгыга батканбыз. Маматкерим Паизович кесиптешине болгон сый-урматын билдирип, Элмиранын ордуна кырк күнгө чейин эч кимди жумушка албай, анын элесин кадырлаган .



М.П. Алтыбаевдин мындай асыл сапаттарын, адамгерчилик бийиктигин айтып түгөтүү мүмкүн эмес. Ал киши биздин эсибизде бир гана жетекчи катары эмес, акылман насаатчы, камкор ата жана жамаатты бир үй-бүлөдөй кармаган улуу инсан катары түбөлүккө калат.

М. П. Алтыбаев — архив тармагынын гана эмес, мамлекеттик башкаруунун да тажрыйбалуу адиси катары Ош облусунун тарыхында өчпөс из калтырган инсан. М. П. Алтыбаевдин жетекчилик ишмердүүлүгүндөгү эң орчундуу ийгиликтеринин бири — архив имараттарынын маселесин чечүү болгон. Ал Кара-Суу, Ноокат жана Алай райондук мамлекеттик архивдери үчүн жаңы имараттарды алууга жетишкен.

Өзгөчө белгилей кетчү жагдай, Ош облустук мамлекеттик саясий документтер архивинин (ОМСДА) имаратын «Кыргыз ГИИЗ» АК ишканасы мыйзамсыз менчиктеп алганына каршы турган. Маматкерим Паязович бул ишти сотко чейин жеткирип, документтер аркылуу приватташтыруунун туура эмес экенин далилдеп, имаратты кайрадан мамлекеттин (архивдин) карамагына кайтарып алган. Бул - мамлекеттик мүлктү коргоодогу зор жеңиши эле.

2010-жылдагы июнь окуясында Ош облустук мамлекеттик архиви чоң коркунучта калган. Ошол коогалаңдуу күндөрү Маматкерим Паизовичтин ыкчамдыгы, иш билгилиги жана кыраакылыгынын аркасында архив имараты өрттөн жана талоончулуктан аман сакталып калган. Ал улуттук баалуулук болуп саналган тарыхый документтердин коопсуздугун камсыз кылуу үчүн күнү -түнү жан аябай эмгектенген. Анын мамлекет алдындагы көп жылдык ак ниет эмгеги жогору бааланып, бир катар мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгон: 2000-жылы — КР Билим, илим жана маданият министрлигинин «Ардак грамотасы»; 2001-жылы — «Архив кызматынын отличниги» төш белгиси; 2012-жылы — КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын «Ардактуу кызматкери» наамы.

Архивдин фонду жыл сайын өсүп, 2008-жылы документтердин сыйымдуулугу 150%дан ашып кеткен эле. Муну алдын ала сезген М. П. Алтыбаев 2008-жылдын 16-январында облус губернатору А. Карашевге расмий кат менен кайрылып, кошумча имарат куруу зарылдыгын негиздеген. Ал бир гана өтүнүч менен чектелбестен, болочок имараттын проектисин да адистер менен биргеликте сыздырып, даярдап койгон.

Биздин ичибиздеги эң чоң арман — ушундай камкор атадай болгон жетекчибизди татыктуу эс алууга узата албай калганыбыз. Баары күтүүсүз болду... Тагдырдын жазуусу экен, өмүрүнүн акырына чейин кызматта, эл ишинде жүрүп, биз менен күтүүсүз коштошуп кете берди.

М.П. Алтыбаевдин жаркын элесине

Жыйырма жыл архив башкарып,
Жылдызы жанган киши эле.
Мамиле жасап этият,
Максаты дайым иш эле.

Баарына тегиз караган,
Бак-таалай элге каалаган.
Архивдин иши алдыга,
Алгаласа деп самаган .

Жөнөкөй,таза жетекчи,
Ыймандуу жагы ченемсиз.
Уулуулук тарбияңызды,
Унутпай эстеп келебиз.

Жамилакан Эндешеева,
Архив кызматынын Ош регионду башкармалыгынын башкы архивисти.

101—билдирет

ӨРТ КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨ

Өрт коопсуздугу боюнча көрсөтмө — бул адамдардын өмүрүн сактоо жана мүлктү коргоо үчүн зарыл болгон эрежелердин жыйындысы. Ал жумуш ордунда, мектепте же үйдө өрттүн алдын алууну жана өрт чыккан учурдагы иш-аракеттерди үйрөтөт.

Көрсөтмөнү өткөрүүнүн негизги түрлөрү

1. Киришүү көрсөтмөсү: жаңы жумушка орношкондо же окууга киргенде берилет.

2. Баштапкы көрсөтмө: түздөн-түз жумуш ордунда аткарыла турган иштин өзгөчөлүгүнө жараша өткөрүлөт.

3. Кайталануучу көрсөтмө: эрежелерди эске салуу үчүн мезгил-мезгили менен (мисалы, жарым жылда бир) өткөрүлүп турат.

4. Пландан тышкары көрсөтмө: жаңы жабдуулар келгенде же өрт коопсуздугунун эрежелери бузулганда өткөрүлөт.

5. Максаттуу көрсөтмө: бир жолку иштерди (мисалы, ширетүү иштерин) аткаруу алдында берилет.

Өрт коопсуздугунун негизги эрежелери

• Электр жабдуулары: Бузулган розеткаларды же зымдарды колдонбоо, электр приборлорун кароосуз калтырбоо керек.

• Тазалык: имараттын ичинде жана тегерегинде тез күйүүчү таштандыларды топтобоо зарыл.

• Эвакуация жолдору: чыгуучу эшиктердин алды бош болушу керек, аларды буюмдар менен тосууга тыюу салынат.

• Чылым чегүү: атайын белгиленген жерлерде гана чылым чегүүгө уруксат берилет.

Өрт чыккан учурдагы иш-аракеттер

1. Кабарлоо: токтоосуз "101" же "112" номерине чалып, даректи жана өрттүн көлөмүн так айтуу зарыл.

2. Эвакуация: Коопсуздук белгилерине жана планга ылайык имараттан тезинен чыгып кетүү.

3. Өрт өчүрүү: эгерде, коопсуз болсо, өрт өчүргүч же кум, суу сыяктуу каражаттар менен өрттү өчүрүүгө аракет кылуу.

4. Түтүндөн коргонуу: түтүн каптаган жерден нымдуу чүпүрөк менен ооз-мурунду жаап, эңкейип же сойлоп чыгуу керек.

Ар бир өткөрүлгөн көрсөтмө атайын журналга катталып, жооптуу адамдын жана үйрөтүлгөн кишинин колу коюлушу шарт.

Сизге конкреттүү бир мекеме (мектеп, кеңсе, өндүрүш) үчүн көрсөтмө текстинин үлгүсү керекпи?

К. Кыдырбаева,
КРнын ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБ-нүн офицери, майор.

“Көк бөрүнүн” ишенимдүү коргоочусу — Кыяз Ниязов

“Көк бөрү” — кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхын, эр азамат жигиттик духун, шамдагайлыгын жана намыскөйлүгүн айкалыштырган улуттук оюну. Көк бөрү сүйүүчүлөр арасында “кыргыздын футболу да, хоккейи да көк бөрү” деп айтылат.

Ат жалында эр жетип, таймашта тайманбастык менен күч сынаган көк бөрүчүлөрдүн ар биринин өзүнө таандык күжүрмөн эмгек жолу, өзүнө таандык өмүр баяны бар. Алардын катарында өзүнүн чебер оюну, өжөрлүгү жана ат үстүндөгү алдыңкы тажрыйбасы менен күйөрмандардын сый-урматына ээ болгон Кыяз Ниязовдун да орду өзгөчө.

Өзгөндүн Дөң-Булак айылынан чыккан Кыяз Ниязов бала кезинен аттын үстүндө чоңоюп, “Көк бөрү” оюнунун көп сырын атасынан жана агаларынан үйрөнүп өскөн. Ал 7 жашынан ат минип, 21 жашынан тартып чоң мелдеш оюндарына аралаша баштаган. Көп жылдык тажрыйбасынын аркасында Кыргызстандын “Көк бөрү” дүйнөсүндө өзүнүн татыктуу ордун таба алды. Бүгүнкү күндө ал «Достук» командасынын тажрыйбалуу оюнчуларынын бири катары белгилүү.

Анын бир туугандары Байыш жана Манас Ниязовдор менен бирге “Көк бөрү” майданында жүрүп, Ниязовдордун үй-бүлөлүк улакчылык салтын даңазалап келе жатканы өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Бул үй-бүлөнүн ысымы кыргыз көк бөрүсү менен эриш-аркак аталып, улуттук спорттун өнүгүшүнө кошкон салымы менен эл арасында аттын кашкасындай кеңири таанымал.

Анын айткандарына караганда, “Көк бөрүдө” жеңишке жетүү үчүн күчтүү болуу эле жетишсиз. Анда ат жаныбары менен тил табышуу, атаандаштын оюнун алдын ала сезүү, ар кандай учурда туура чечим кабыл алуу, команда үчүн жоопкерчиликти жогору коюу жана эң башкысы ар- намысты бек сактоо керек. Кыяз



Ниязовдун спорттук карьерасы дал ушул сапаттардын айкалышы менен бааланат. Анын спорт менен талбай машыккан эмгек жолунан улуттук оюнга болгон сүйүү менен кесипкөйлүктүн айкалышын көрүүгө болот.

Анын “Көк бөрүдөгү” өмүр жолу — ат үстүндөгү өнөргө берилгендиктин, улуттук мурасты урматтоонун жана кыргыз жигитине мүнөздүү күжүрмөндүктүн жана кайратмандыктын баяны. Ал кыргыз улуттук ат спортунда өзүнүн туруктуу оюну, коргоодогу чечкиндүүлүгү жана тактикалык чеберчилиги менен белгилүү улакчы болуп таанылган. Албетте, анын спорттогу жетиштирип жаткан ийгиликтери сыймыктандырат.

Кыяз Ниязов — кыргыз улуттук ат спортунун, өзгөчө көк бөрү оюнунун көрүнүктүү чеберлеринин бири. Ал 1987-жылы 4-майда Ош облусуна караштуу Өзгөн районунун Дөң-Булак айылында туулган. Анын бою 172 см болуп, талаада коргоочу позициясында ишенимдүү оюн көрсөтүп келатат. Спортчунун “Көк бөрү” оюнуна болгон өзгөчө кызыгуусунун негизги себеби, бул анын көк бөрүчүлөр династиясында жарык дүйнөгө келгендиги.

Ат өнөрүн ардактаган азамат уул

Айта кетсек, атасы Токтогул Ниязов мезгилинде республиканын түштүк жергесинде кеңири тараган аламан улак оюнунда атагы чыккан балбандардын бири болгон. Ал СССР убагында совхоздун жылкысын кайтарып, өмүр бою жылкы жандыгына жакын өскөн. Ошол себептен өзү да, балдары да улак тартып калды. Уулдары Жаныш, Байыш, Кыяз, Баяман атасынын жанында жүрүп күчтүү балбан, жоон билек улакчы болуп жетилишти. Ал уулдарын спортко машыктырган, турмушта туура жолго баштаган устат болгон.

"Аганы көрүп ини өсөт" деген сөздүн чындыгын бир тууган Ниязовдор көргөзөт. Бири-биринен улак тартканды үйрөнгөн Байыш, Кыяз жана Манас Ниязовдор учурда "Достук" командасынын алдыңкы оюнчулары болуп эсептелет. Кыяз Ниязов атасын жана агаларын көрүп 7 жашынан бери эле ат үстүндө жүрөт. Анын жетишкендиги – спорт оюндарынын артынан элге таанылып кадырбарк күттү.

“Көк бөрүнүн артынан бизди эл сыйлап, кайсы жерге барбайлы бир тууган улакчылар деп тосуп алышат. Байыш агам күчтүү ойнойт, азыр инибиз Манас баарыбыздан озуп, мыкты оюнчу. Ал биз жетпеген сыйлыктарга, наамдарга татып, эл оозуна көп алынып жатат”-дейт Кыяз Ниязов.

Ал минген аргымак “Месси” деген ат менен белгилүү. 2014-жылы "Достук" командасына келгенден бери ушул ат менен улак тартып жүрөт. Анын аты "Кабылан" командасында ойноп жүргөндө эле коюлган экен. Чынында эле анын чуркаганы, кыска бурулуштар жана шамдагайлыгы футболчу Мессиге аябай окшош.

Кыяз Ниязовдун алдыда боло турган VI Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарына катышуусу бул өлкө курама командасы үчүн чоң күч жана күйөрмандар үчүн чоң жаңылык. “Көк бөрү” боюнча курама командага катышуудагы анын негизги артыкчылыгы: тажрыйбасы мол, ат үстүндөгү өнөрү мыкты. Ал ар убак зор чеберчилик менен жогорку деңгээлдеги турнирлерде, ири мелдештерде туруктуу оюндарды көргөзүп келе жатат.

Ар качан ат менен шай келип, райондук, облустук жана республикалык мелдештерде тактикалык жактан күчтүү стратегияны колдоно билгендиги менен белгилүү. Команданы алга сүрөгөн духу күчтүү, Улуттук кураманын чабуул же коргонуу сызыгын чыңдоодогу салымы чоң. Ал катышкан Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарында “Көк бөрү” боюнча мелдештер ар дайым эң башкы жана чыңалууда өткөн жаратман окуялардын бири болуп саналат.

Спорттук карьеранын этаптары

Кыяз Ниязовдун улуттук ат спортундагы эмгек жолу 2008–2009-жылдары "УГАИ" командасында алгачкы кадамдары башталган. 2009–2012-жылдары "Кожомкул" ("Рассвет") командасында ойноп, биринчи ири ийгиликтерди жетиштирген. 2014-жылдан бери өлкөнүн эң күчтүү клубдарынын бири болгон "Достук" командасынын курамында туруктуу ойноп, бийиктиктин туу чокусуна көтөрүлдү.

Бул жылдар аралыгында Кыяз Ниязов клубдук жана улуттук деңгээлдеги командалары менен биргеликте республикалык жана эл аралык мелдештерде көптөгөн байгелүү орундарды багындырды. 2012-жылы "Кожомкул" командасы менен Кыргызстан чемпионатында жана А. Аскаров турниринде чемпион болгон. Ал эми "Достук" командасы менен 2019-2023-жылдары 9-Май Жеңиш кубогун, Президенттин кубогун, ошондой эле 2025-жылы КР Эгемендүүлүк кубогун жеңип алган.

2024-жылы өткөн Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарында Кыргызстандын улуттук курама командасынын курамында “Көк бөрү” боюнча 1-орунду ээлеп, чемпиондук наамды багынтты. Ошондой эле 2022-жылы өткөн 4-Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарында күмүш байгеге ээ болгон.

Анын спортко болгон өзгөчө ынтызарлыгы жана чеберчилиги бааланып, 2009-жылы Жалал-Абадда өткөн жаштар арасындагы турнирде "Мыкты оюнчу" номинациясына татыган. Ал спортко берилүү менен өлкө намысын коргоп, ар кандай спорттук мелдештерге Ош облусунун жана "Достук" командасынын атынан чыгып, улуттук спортту өнүктүрүүгө чоң салымын кошуп келатат.

Албетте, алдыдагы VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында спортчунун өлкө намысын татыктуу коргоп, жеңиш куржунун байгеге толтурат деген ишенич чоң. Спортчу азыркы учурда аттарды таптоо менен атайын машыгууларды өткөрүүдө. “Көк бөрү” жана ат спортунун түрлөрү үчүн аргымактарды даярдоо, салмак жана чыдамкайлыгын жогорулатуу иштери жүрүүдө.

А.МАТИЕВА.

Жарыялар

Жараксыз деп табылсын.

ОшМУ тарабынан Матибаева Гүлзат Токтомаматовнага берилген диплом ГТ № 04695 каттоо № 88 сандуу дипломунун 2 барак тиркемесинин жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

ОшТУ тарабынан Шербекова Мээримгүл Мурабдиллаевнага таандык № CF090025125 каттоо № 28 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2000-жылы ОшМУ тарабынан Кадышова Элиза Митаевнага берилген №22567 каттоо № 420 сандуу дипломунун вкладышы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Кара-Суу районун Отуз-Адыр айыл аймагынын Кызыл-Абад айылындагы 53-контурунун 2.76 га. жайыт жер аянты мал сарай куруу үчүн аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион 2026-жылдын 25-сентябрында саат 15.00 дө Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Тендер

Тендер: ОО «Большевик Багбандар Биримдиги» объявляет закупку

В рамках проекта ПРЭР (финансирование АРИС) приглашаем поставщиков подать котировки на:

Лот №1: Поставка промышленных холодильных агрегатов и испарителей (для Лидера ЦДС «Выращивание и хранение фруктов») — 1 комплект. Заявки принимаются до 12:00, 26 августа 2026 г. на e-mail: BolshevikBB@gmail.com.

Техзадание и условия: Кыргызская Республика, Узгенский район, а/а Ак-Жар, с. Большевик.

«Ош жаңырыгы» гезитинин жамааты «Ош облустук басмаканасы» ачык акционердик коомунун төрагасы

Маматалиев Муктар Өмурзаковичтин

мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу анын үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз жана кайгысын тең бөлүшөбүз. Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:914
Нускасы: 1800



БАТА САЛТЫ ҮЙРӨНҮҮГӨ АРЗЫЙТ

Редакциядан:

Бул макалада кыргыз элинин кылым карыткан ак бата берүү салтынын тарбиялык зор мааниси баяндалат. Бата – адамды туура багытка салып, улуттук Уңгужолго баштаган нарк-насилдин бири. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» Уңгужолунун алкагында, автор батанын пайда болуу тарыхын, анын түрлөрүн жана жаш муундарга дем-күч берүүчү касиетин конкреттүү мисалдар менен ачып берет. Эмгек нукура каада-салтты таанып-билүүдө, улуттук баалуулуктарды аздектеп сактоодо өзгөчө орду бар баалуу булак болуп саналат.

Ар бир улуттун жаш муундарды тарбиялоодо жыйнаган тажрыйбасы болот. Бирок улуттар, элдер ажырым жашабайт. Алар кылымдар бою өз ара байланышта болушкан. Ошондуктан тарбиянын да эл аралык каражаттары, ыкма-жолдору бар. Тарбиялоо көбүнчө орток тажрыйбага таянат.

Эл аралык да, улуттук да мүнөзгө ээ, бирок тарбиялык күчтүү таасири бар салттардын бирөө - бул бата берүү.

Бата – көп аспектилүү, көп функциялуу элдик чыгарма. Бул түшүнүк менен бир тараптын экинчи тарапка жакшылык тилөөсү берилет. Бата паремиянын кичи жанрларынан.

Батада сөзсүз адресант жана адресат болот. Адресант бата тилейт. Анын тилеги адресатка багытталат. Бата үчүн жалпысынан эки субъект керек. Биринчи субъект бата берип сүйлөөчү, экинчи субъект батаны кабыл алып угуучу. Аудиториянын же күбөнүн болушу милдеттүү эмес.

Бата айтылчу жагдай болот. Жагдайы жок бата тиленбейт. Өзүнө ылайыктуу абал, шарт, орун, кырдаал, убакыт биригип жагдайды түзөт. Жагдай батанын негизин, аны тилөөнүн себебин түзөт.

Бата берүүдө эки субъекттин жашы, турмуштук тажрыйбасы бирдей болбойт. Адресант көбүнчө улгайган, жашап калган, адресат алда канча жаш адам болот.

Бата жаңы чыгарма болбогондуктан, адресант өз тажрыйбасына таянып даяр гана каражаттарга кайрылып, эл тарабынан кабыл алынган, көп таркалган, мамиле курууда текшерүүдүн өткөн, кынтыгы жок, сезимге көнүмүш формулаларды атайт. Бата жаралбайт- кайталанат, түзүлбөйт-эсте даяр түрүндө сакталат. Эч убакта бата жаңы сүйлөм катары колдонулбайт.

Бата адресатка арналып, анын келечектеги иш аракетине дем, кубат, стимул берет. Бата алуучу жашоого шыктанат, импульска ээ болот. Бата аны максаттуу өмүр кечирүүгө түртөт. Адресат бата менен кошо бүт жашоо аракетинин келечектен натыйжасын көрүүгө, ага жетүүгө умтулат. Бата анын дитин топтоп, кыймыл-аракетин, убактысын күчтүү максатка жетүү үчүн багыттоого жол коёт.

Батанын психика-физиологиялык да касиети бар. Ал адресатты оң жана пайдалуу жашоого ынандырып мээ нейрондорун активдештирип, дененин жана аң сезимдин максаттуу башкарылышына алып келери ыктымал. Батаны аутогендик машыгуулардын сырткы стимулятору катары да баалоого болот. Бата өмүр үчүн өбөк да, таяныч да, жетектөөчү да боло алат.

Бата себепсиз айтылбайт

Батаны ички зарылдык гана айттырат. Бата адресатка арналат. Муну үчүн адресат ошого тете кызмат кылуусу керек. Бул кызмат сарптоого гана байланыштуу. Бата алыш үчүн ал каражатын, убактысын, эмгегин (мээнетин) сарп кылышы керек. Улгайган адамды тепкичтен колтуктап койсоң, атын алып, аттан түшүрсөң, же атка мингизсең, сыртка чыгарда кепичтерин түзөтсөң, жол бошотсоң, колуна суу куйсаң, озунуп салам айтып ал-жайын сурашсаң, ийилип салам берсең, чайды эңкейип кыйнабай узатсаң... сенин убакытың жана мээнетиң кетет. Эгер сен ачты тойгозсоң, чаңкаганды кандырсаң, үшүгөндү же жылаңачты кийиндирсең, зериккендерге оюн-зоок уюштурсаң (улак чаптырып, ордо аттырып, жоро бозо же отуруш уюштуруп...), жетимди үйлөп-жайласаң, карыны сыйласаң, аба-аксакал, катын-калачтарды чакырып көжөгө же уузга тойгузсаң, той берсең, анда каражатың кетет. Ушундай себеп гана батаны жаратат. Бата эң жөнөкөй “Максатыңа жет”, “Өмүрүң узун болсун” сыяктуу сүйлөмдөрдөн тартып 5-6 минуталык узун каалоо-тилектердин комплексине чейин жетет.

Батанын жаралуу күчү себебинде жатат. Себепсиз бата берилбейт. Эл айтат: «Куру аякка бата жүрбөйт», - деп. Бул чындык. Бата куру айтылбайт.

Бата түзүлүшү боюнча сүйлөм түрүндө кездешет

Батада өзүнчө кайрылуу, үндүү интонациясы бар. Анда кээде адресант менен адресаттан башка да үчүнчү субъект болуп калат. Ал субъект – Жараткан. Бул субъект бүт ааламдын, бүткүл зат-рух дүйнөсүнүн пайда болуу, өнүгүү башаты. Ошондуктан баталарда кудай/кудайым, алла / алда/ алда кудай, теңир/теңирим, жараткан өңдүү атоолор кездешет да, адресатка алардан күч, дем-кубат, ден соолук, өмүр, бакыт-таалай, мал-мүлк берүү суралат.

Мында диний мотив күчтүү. Ошондуктан семит тилдеринен келген алла, омийин (же амин), оомийин аллоу акбар сыяктуу араб сөздөрү кездешет.

Ушул жагын алганда батада кереметтүү, магиялык күч берилет. Адресант менен адресатка көнүмүш кубулуштардан тышкаркы сырдуу дүйнөгө ишеним туулат. Демейдеги көрүнүш адамдардын билип тааануу дүйнөсүнө көнүктүрүү. Бирок алардын аң-сезими үчүн абсолюттук дух эбегейсиз кубаттуу жана сырдуу туюлат. Бул күч затрух дүйнөнүн жаратуучусу катары кабыл алынат.

Биз ойлойбуз: адамзатка мүнөздүү абсолюттук ишеним болуу керек. Бул ишеним тигил же бул мезгилге, орунга, шартка, кайсы бир аракетке же субъектке багынбайт. Бул идея-ишеним муундан муунга берилет да түбөлүк жашайт. Бул ишенимдин эпкиндери бата түрүндө сакталат, ооздон оозго өтөт, таркалат, сезимге сиңет.

Бата сөз жана тыш турпаты боюнча, тилдик формасы боюнча бир элге, бир тилге мүнөздүү болгону менен, ал эл аралык тажрыйбаны чагылдырат.

Бата, ошентип, көп кырдуу, көп функциялуу жана сапаттуу факт катары каралат. Анын жалпы философиялык (гносеологиялык, теологиялык), фольклордук (адабият тааануу жаатына караштуу), этнографиялык, этнопедагогикалык, психика-физиологиялык, лингвистикалык белгилери болуп, ал илим аралык изилдөө обьектиси сыяктуу көрүнөт. Демек, көп илимий тармактар үчүн бата орток предмет катары кызмат кылат. Ошондуктан ал комплекстүү анализди талап кылат.

Бата айтуунун түрлөрү

Баталар айтуу жагдайына карап бир нече топторго бөлүнөт. Буларды тематикалык топтор десе да болот. Биз жыйнаган бата паремиялардан анча-мынча келтирип кетели.

1. Боюнда бар аялга: Аман-эсен бошонуп ал, үйрүлөйүн. Уул төрөп ал, эсен-аман көз жарып ал, садага.

2. Жаңы төрөлгөн балага: Кудайым наристеге ырыс-кешик берсин, узун өмүр берсин, ата-энесине күйүмдүү жигит болсун. Искендердей уулдуу, Жусуптай сулуу болсун, оомийин.

3. Колун адалдаган балага: Эми чыныгы мусурман болдуң, айнанайын. Ак ниеттүү, ыймандуу, ак сүйлөгөн, адал тамактуу, адилет адам бол.

4. Баш кошкондорго: Бактылуу болгула, айланайындар, тең арып, тең карыгыла, эриш-аркак болуп узун өмүр сүргүлө, бакыт кушу колуңардан учпасын, алдыңарды мал, артыңарды бала бассын. Куш бооңор бек болсун.

5. Үй тоюнда: Үйүңөрдөн той үзүлбөсүн, береке-пейиз кетпесин. Кампаңардан дан, дасторконуңардан нан үзүлбөсүн.

6. Мааракеде кызмат кылгандарга: Дайыма калк назарында болуп батасын алып жүрө бергиле. Башкалар да силердин аштоюңарда силердей ак кызмат кылсын. Белиңерден күч, колуңардан кубат кетпесин.

7. Аскерге жөнөгөндөргө: Эсен-аман эл четине, жоо бетине барып кел, кагылайын. Кудайым сени бөөдө кырсыктан, бейкүнөө ажалдан сактасын, алтын башыңы, алты саныңы аман кайтарсын.

8. Сапарга чыккандарга: Ак жол, садага болоюн, сак - саламат барып кел. Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун. Оомийин.

9. Алыстан кайтканда: Аман-эсен келипсиң, кагылайын. Зарыгып күттүк. Теңирим эми элиңден оолактатпай, жериңден алыстатпасын. Кудайым үй-очогуңда, Эл-жериңде жашоону буюрсун.

Баталардын көлөмү бир кылка эмес

Баталардын көлөмү ар түрдүү келет. Аларды айтуу себептин орчундуулугуна, келтирилген каалоо-тилектердин санына карап да тиленет. Ушунун негизинде баталарды шарттуу түрдө жалпы үч топко ажыратууга болот.

1. Жеңил баталар: Тилеген максатыңа жет. Өмүрүң узун болсун. Кем болбо. Чо-оң жигит бол.

Мында алаканды жүзгө алып бата тартуу болбойт. Омийин сөзү да катышпайт. Мындай баталар колго суу куйганда, даараатка суу ысытып даярдап бергенде, атка миңгизгенде ж.б. учурларда берилет. Булар ийкемдүү болот. Бул мамиле куруунун эң жөнөкөй каражаты, ыраазычылыгын билгизип адресатты ыраазы кылуунун «аргын», жеңил-желпи жолу.

2. Темалуу (предметтүү) баталар:

1) Үйүң кут болсун, ырыс-ынтымак орносун, очогуң омоктуу болсун, кемегеңден от өчпөсүн (үй тоюнда).

2) Ылайым мартабаң түшпөсүн, кадыр-кызматың өссүн, бак-дөөлөт кетпесин, көлөкөңдө биз да жүрө берели (кызматка дайындоону жууганда);

3) Өмүрүң узун болсун, кудайым дагы элүү жыл өмүр берсин, ал элүү жылыңыз ырыс-кешикке толсун ж.б.у.с.

3. Атайын баталар. Бул баталар атайылап даярдалат да чоң шаан-шөкөт менен, эреп-жороо менен көптөгөн элдин катышуусу менен айтылат. Буга атайын батакечтер чакырылат. Батакеч катарында даанышмандар, жорго сөздүү чечендер, ажы-эшендер, акындар катышат. Мындай баталар бир нече минутадан тартып бир нече саатка созулары белгилүү.

Жазуучу К.Жусупов менен окумуштуу Ч.Өмүралиев өз эмгектеринде көлөмдүү баталардын түрлөрүн тематикалык критерий аркылуу келтиришет: нооруз батасы, жарамазан батасы, ай көрүү, үрөн себүү баталары, жолго бата, көчкө бата, конушка бата, желеге бата, кымыз бузуу батасы, көргөнгө бата, союшка бата, согумга бата, ууга бата ж.б., карыяларга тилек, күмүш тойго тилек, алтын тойго тилек ж.б., дасторконго бата, тойго бата, ашка бата, кудага бата ж.б.у.с. Мындан тышкары даанышман ойчулдардын бата үлгүлөрү берилет: Арстанбектин Жеңижокко батасы, Нурмолдонун батасы, Коргоолдун батасы, Түгөлбайдын батасы ж.б.

Бата салты

Бата салты - элибиздин нукура салттарынын бир үзүмү. Анын мазмунун улуттук эстутумубуздун күчтүү императивдери түзөт. Бирок бир эле улутка мүнөздүү салт кем учурайт. Бата тилдик сапаттары боюнча гана нагыз кыргызча. Жалпы идеалы, максаты, маңызы боюнча, аткаруучу шарттары жана жагдайлары боюнча, императивдик түзүлүшү боюнча, эки же үч субъектүүлүгү боюнча ал улут аралык мүнөздө. Бата бизге ислам дини менен кошо өткөн. Ал мусулманчылыктын гана көрсөткүчү. Башка диний агымдарда биз бата сыяктуу салтты учуратпадык. Ошентип, бата салты эл аралык мүнөздө экендигин көрөбүз.

Бизде: «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» - деген накыл кеп бар. Бул сөздө калет жок. Жаш муундун өкүлдөрү бата берүүгө үйрөнбөсө да (ага өз учурунда үйрөнүп кетишет), бата, анын түрлүрү, колдонуу жагдайлары, адамдардын мамиле куруусундагы орду, жашоосундагы мааниси тууралуу кабардар болуусу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, бата – бул жөн гана каалоо-тилектин жыйындысы эмес, кылымдар бою сыналган, адамды туура багытка салып, уңгу жолго баштаган улуттук тарбиянын кубаттуу каражаты. Ал жаш муунду максаттуу жашоого шыктандырып, руханий жактан чыңдап, ак эмгек менен элге кызмат кылууга багыттайт. Ошондуктан элибиздин нукура баалуулуктарын сактап калуу жана келечек муунга өткөрүп берүү үчүн бата салтын үйрөнүү жана анын кадыр-баркын билүү – мезгил талабы.

Абдурашит АБДУЛАТОВ,
ОшТУнун академик Б.Мурзубраимов атындагы Эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институтунун профессору, филология илимдеринин кандидаты.